УДК 821.512.154(575.2)-3 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.591**

Ч.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ӨЗГӨЧӨ ТЕРМИНГЕ АЙЛАНГАН СӨЗДӨРДҮН МААНИЛЕРИНИН ЧЕЧМЕЛЕНИШИ

*Көлбаева Гүлбара Исабаевна - Ош Мамлекеттик Педагогикалык университети улук окутуучу, **koIbaevaguIbara2@gmaiI.com,** ORCID 0009-0006-5070-2651*

ИНТЕРПРЕТАЦИЯ ЗНАЧЕНИЙ СЛОВ, СТАВШИХ ОСОБЫМИ ТЕРМИНАМИ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ Ч. АЙТМАТОВА

Колбаева Гулбара Исабаевна - Ошский Государственный Педагогический университет, старший преподаватель. Эл почта: koIbaevaguIbara2@gmaiI.com, ORCID 0009-0006-5070-2651

INTERPRETATION OF THE MEANINGS OF WORDS THAT HAVE BECOME DISTINCTIVE TERMS IN THE WORKS OF CH. AITMATOV

Kolbaeva Gulbara Isabaevna Osh State Pedagogical university. Senior teacher mail: koIbaevaguIbara2@gmaiI.com. ORCID 0009-0006-5070-2651

Аннотация

Бул макалада Ч.Айтматовдун чыгармаларында өзгөчө терминдик мааниге ээ болгон сөздөрдүн семантикалык жана концептуалдык өзгөчөлүктөрү талдоого алынат. Жазуучунун феноменинин эң башкы өзгөчөлүгү, окурмандарын таңдандырган артыкчылыгы, анын бүткүл адамзат коомунун алдындагы коркунучтуу трагедияны, проблеманы алдын-ала көрө билгендиги, кеменгер көрөгөчтүгү, интуициясынын күчтүүлүүгү. Көркөм дүйнөсүндө айрым сөздөр өзгөчө терминге айланып өз маанисин жоготпой философиялык, маданий жана символдук деңгээлге көтөрүлүп, автордук индивидуалдык терминдерге айланары белгиленет. Изилдөөнүн негизги максаты – мындай сөздөрдүн контекст ичиндеги маанисин чечмелөө жана алардын улуттук аң-сезимди, дүйнөтаанымды чагылдыруудагы ролун аныктоо. Ошондой эле чыгармалардагы “Маңкурт”, “Найман эне”, “Саманчынын жолу”, “Эмбриондор”, “Ак кеме” сыяктуу сөздөрдүн жазуучунун чыгармаларында өзгөчө терминге айланганы көркөм тексттеги функциясы илимий негизде каралды. Натыйжада Айтматовдун тилиндеги өзгөчө терминдер окурмандын аң-сезимине таасир этүүчү күчтүү концепттер катары жогорку деңгээлде бааланат. Бул изилдөө кыргыз тилинин лексикасын жана стилдик өзгөчөлүгүн тереңирээк түшүнүүгө да өбөлгө түзөт.

Ачкыч сөздөр: *термин, семантика, концепт, көркөм текст, маңкурт, символ, автордук стиль.*

Аннотация

В данной статье анализируются семантические и концептуальные особенности слов, которые в произведениях Ч. Айтматова приобретают особое терминологическое значение. Главной особенностью феномена писателя, вызывающей восхищение у читателей, является его способность предвидеть трагедии и проблемы, угрожающие всему человечеству, а также его глубокая прозорливость и мощная интуиция. Отмечается, что в художественном мире писателя отдельные слова превращаются в своеобразные термины, не утрачивая своего значения, а поднимаясь до философского, культурного и символического уровня, становясь авторскими индивидуальными понятиями. Основная цель исследования — раскрыть значение таких слов в контексте и определить их роль в отражении национального сознания и мировоззрения.

Также на научной основе рассматривается функция в художественном тексте таких понятий, как «Манкрут», «Найман-эне», «Путь Саманчи», «Эмбрионы», «Белый пароход». В результате особые термины в языке Айтматова оцениваются как мощные концепты, оказывающие влияние на сознание читателя. Данное исследование способствует более глубокому пониманию лексики и стилистических особенностей кыргызского языка.

Ключевые слова: *термин, семантика, концепт, художественный текст, манкрут, символ, авторский стиль.*

Abstract

This article analyzes the semantic and conceptual features of words that acquire a special terminological meaning in the works of Ch. Aitmatov. A defining feature of the writer’s phenomenon, which evokes admiration among readers, is his ability to foresee tragedies and problems threatening all of humanity, as well as his profound insight
and powerful intuition.

It is noted that in the writer’s artistic world, certain words transform into distinctive terms without losing their original meaning, rising to a philosophical, cultural, and symbolic level and becoming individual authorial concepts. The main objective of the study is to reveal the meanings of such words within context and to determine their role in reflecting national consciousness and worldview.

The functions of such concepts as “Mankurt,” “Naiman-Ene,” “The Path of Samançi,” “Embryos,” and “The White Ship” are also examined on a scientific basis within the literary text. As a result, these distinctive terms in Aitmatov’s language are evaluated as powerful concepts that influence the reader’s consciousness. This study contributes to a deeper understanding of the vocabulary and stylistic features of the Kyrgyz language.

Keywords: *term, semantics, concept, literary text, mankurt, symbol, authorial style.*

Киришүү

Кыргыз элинин улуттук рухий жана интеллектуалдык маданияты дүйнө элдерине Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу даңаза болгондугу талашсыз. Ал эми биздин эң негизги парзыбыз - аалам адабиятынын алпы Айтматовдун чыгармаларындагы идеяларды, канцепцияларды терең түшүнүп окуу ар бирибиздин жарандык милдетибиз. Жазуучунун ар бир чыгармасын кайталап окуган сайын, улам жаңы ойлорго, сезимдерге, табылгаларга, ачылыштарга тушуга берери чындык. Менин жеке пикиримде, Ч Айтматовдун феноменинин эң башкы өзгөчөлүгү, окурмандарын таңдандырган артыкчылыгы, анын бүткүл адамзат коомунун алдындагы коркунучтуу трагедияны, проблеманы алдын-ала көрө билгендиги, кеменгер көрөгөчтүгү, интуициясынын күчтүүлүгү. Ошондой негативдүү көрүнүштөрдү болтурбай коюуга далалат кылгандыгы. Кыргыз элинин бүтүндөй дүйнөлүк адамзаттын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун өмүрү, чыгармачылыгы, чыгармалары – дүйнө элин кызыктырган эбегейсиз зор руханий кенч. Анткени анын терең философиялуу, көп катмарлуу, миң сырдуу чыгармалары окуучуларга руханий күлазык болуу менен аларды түйшөлткөн түмөн суроолоруна азыркы карама-каршылыгы апогейине жеткен замандан туура жооп таап, туура жолго багыт алуусуна көмөк көрсөткөн маданий таяныч болуп калганы да далилдөөнү талап кылбаган чындык эмеспи. Эң жогорку көркөм-эстетикалык чеберчиликте жазылган жазуучунун ар бир чыгармасы окуучуда бийик эстетикалык табит тарбиялоо менен анын өз тагдырын, заман көйгөйүн, келечекти аңдап билүүсүндө, түшүнүүсүндө өзүнчө эле бир компастык милдет аткарып тургансыйт. Мындай улуу вазифанын негизинде бир жагынан Айтматовдук «Канткенде адам уулу адам болот?» деген философиялык чоң суроо турса, экинчи жагынан «Күндө адам болуу кыйын!» экенин тастыктаган оңой эмес тандоонун жолдору окурмандын алдына кырынан коюлат. Албетте, улуу жазуучунун чыгармалары окурмандар тарабынан дайыма эле бирдей окулуп, бир маанидеги түшүнүктү бербейт. Ар бир окурман өзүнүн интеллектуалдык деңгээлине, кругозоруна, көркөм-эстетикалык табит бөтөнчөлүгүнө жараша кабыл алып, интерпретациялайт. Ал эми дүйнөлүк окурмандын Ч. Айтматовдун чыгармаларын кабыл алып, түшүнүүсү, талкулоосу бул – таптакыр башкача ракурстан болору табигый, мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошондуктан Айтматовдун бир канча тилге которулган чыгармаларын дүйнөлүк окурмандардын, адабият сынчыларынын кандайча окуп, баалап, түшүнүп жатканына көңүл бөлүү, аларды жалпылап, атайын изилдөө объектисине алуу – сөзсүз актуалдуу жана илимий жактан алганда олуттуу маселелердин бири экендиги талашсыз[2.4-б].

Улуу жазуучубуздун өз чыгармаларында улуттук сөз байлыгын терең философиялык мазмун менен айкалыштырып, жаңыча көркөм ой жүгүртүүнү жараткан. Анын тексттеринде колдонулган айрым сөздөр кадимки лексикалык маанисинен чыгып, өз алдынча терминге

айланып, кеңири концептуалдык маанини туюнтуп эл алдында кеңири тармакта колдонулуп, төмөнкүдөй өзгөчөлүктөргө ээ. Алсак, көп катмарлуу мааниге ээ, символдук мазмунду өзүнө камтыйт, улуттук баалуулуктарды айкалыштырып, философиялык мааниге ээ.

Тил илиминде жана адабият таанууда айрым сөздөр өзүнүн баштапкы лексикалык маанисинен чыгып, кеңири концептуалдык деңгээлге көтөрүлөт. Адатта терминдер илимий тилде колдонулат. Бирок Айтматовдун чыгармаларында көркөм сөздөр да терминдик функцияны аткарат. Мындай сөздөр конкреттүү образды билдирет, философиялык жүктү көтөрөт, символикалык мааниге ээ болот.[6. 29-б]

Жазуучунун “Кылым карытар бир күн романында” өзгөчө терминге айланган “Маңкурт” сөзү. Бул түшүнүк көркөм адабият аркылуу дүйнөлүк маданий айдыңга чыгып, азыркы учурда философиялык жана социалдык категория катары колдонулууда. Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгындагы орду каралып, анын адамзаттык, маданий жана тарыхый мааниси чечмеленет. “Маңкурт” түшүнүгү инсандык аң-сезимдин жоголушу, тарыхый эс-тутумдан ажыроо жана руханий деградация сыяктуу көрүнүштөр менен байланышта каралат. “Маңкурт” сөзүнүн келип чыгышы түрк тилдүү элдердин тарыхый-этнографиялык уламыштарына байланыштуу. Айрым изилдөөлөрдө бул сөз душмандар тарабынан туткундарды эс-тутумунан ажыратуу ыкмасы менен байланыштырылат.Маселен, «Кече күнү көзүн жаңы ачкансып, өз атын да билбейт экен байкуш, ата-энеси ким экенин да билбейт, эсинде жок. Эмне сурасаң да эки сөз менен жооп берет: же «ооба», же «жок»... «Маңкурт деген эс-акылдан ажыраган бир сөлөкөт: өзү ким, эл-жери кайда, ысмы ким, ата-энеси ким, кайда, качан чоңойгон, эсинде эчтеме калбайт, эчтемени билбейт, кыскасы өзүн адам элем деп эсептебей калат. Өзү аягы айры, башы кара бир макулук болгон соң айдаган жакка кыңк этпей басат, айткан ишти кыңк этпей аткарат», «...итке окшоп ээсин гана ээрчип калат, ээсин гана тааныйт», «...бар болгон ою - кара курсак»[1.8-б] Жазуучу бул түшүнүктү көркөм образ аркылуу ачып бере алган. Романда маңкуртка айланган каарман адамдык сапаттан ажырап жада калса тогуз ай көтөрүп, эне сүтүн берген өз энесин тааныбай, ага каршы чыгат. Эне үчүн мындан өткөн азап жок. Мындай азапты эне жүрөгү көтөрө албайт. Бул көрүнүш ар бир окурманды кайдыгер калтырбай төмөнкү идеяларды камтыйт эс-тутумдан, адамдын адамдыгын жоготушу айтып бүткүс трагедия. Эне менен баланын бир бүткөн жан биргелиги, мээрдин кудурет-күчү өтмө маанисинде да сырдуу маанисинде да, түз маанисинде да баары-баары ордунан табылат. Эне менен баланын мээрдеги байланышы менен тиричиликтеги байланышы жөнүндө алалы. Деги эле эне баласынын амандыгы үчүн өз көзүнөн, жанынан айрылууга ыраазы, деги эле эненин жаны балада, баланын жаны энедеби? Адам түбү топурак менен абадан айрылып чыккан дечи, ал ошол топурак менен абанын бириккен бүтүндүгүнүн бир бөлүгү сыңары, бала да дал ошол эненин денинен бөлүнүп чыккан, эне боюна бүткөн кол башындай кызыл эт болгондуктан, жарык дүйнөгө келген соң деле, денелер бөлөк болсо да мээр (жан) бөлүнбөй, бирге жашаары байыркы дүйнө таанымдар жагынан иликтенгени жөнүндө маалыматтарды эске салат.[3.158-159-б]

Алп жазуучу бул образ аркылуу коомдук коркунучту эскертет, эгер адам баласы өз тарыхын унутса, ал башкарууга оңой объектке айланат. Инсан өзүнүн “менин” аңдоо үчүн тарыхый эс-тутумга таянат. Маңкурт бул байланыштан ажыраган субъект болуп саналат. Маңкурт сырткы күчтөргө толук баш ийген. Ал өз алдынча ой жүгүртө албайт. Маңкурт — бул өткөнүн унуткан, эс тутумун жоготкон, өзүнүн тарыхын унуткан, аны туура талдап биле албаган, өзүнүн тамырларынан ажыраган колониалдык мезгилде дүйнөнүн кайсы бир географиялык бурчунун идеологиялык үстөмдүгүндө калган киши Демек, бул абал – руханий кулчулуктун жогорку формасы.Эс-тутум – адамдын тарыхый жана маданий континуумдагы ордун аныктаган негизги фактор. Азыркы глобалдашуу шартында “маңкурт” түшүнүгү жаңыча мааниге ээ болууда. Ал төмөнкү көрүнүштөрдү сүрөттөйт. Кээ бир учурларда “маңкурт” термини коомдук сын катары колдонулат. Ал өз тарыхын, тилин, маданиятын барктабай калган адамдарга карата айтылат.**Түз мааниде айтканда** эс-тутумун жоготкон, өзүнүн ким экенин тааныбаган адам. Мындайча айтканда тарыхынан, улуттук тамырынан ажыраган инсан экендигин туюндурат.Маңкурттук – бул жөн гана психологиялык абал эмес,

ал коомдук-философиялык категория. Автор бул термин аркылуу төмөнкү маселелерди көтөрөт: тарыхый эс-тутумдун мааниси, маданий мурастын жоголушу, адамдын руханий кулчулукка түшүүсү. Бул термин учурда да өз актуалдуулугун жоготпой, коомдук-саясий контекстте колдонулуп келет.

Айтматовдун чыгармаларында мифологиялык элементтер да кеңири орун алган. Алар да терминдик деңгээлге жетет: “Ак кеме” — балалык кыял, тазалык. Бул сөздөр текст ичинде гана эмес, андан тышкары да концептуалдык мааниге ээ болуп калган. “Ак кеме” концепти үмүт жана руханий тазалыктын символу “Ак кеме” чыгармасындагы бул термин баланын дүйнө таанымын чагылдырган негизги символ болуп эсептелет. Негизги мааниси үмүт, кыял, тазалык. Ак кеме – бул реалдуу объект эмес, ал руханий идеал. Башкы каарман үчүн ал адилет дүйнөгө жетүүнүн символу болуп саналат. Демек, бул термин балалык аң-сезимдин жана адамзаттын түбөлүктүү үмүтүнүн көркөм чагылдырылышы болуп саналат. Ошондой эле “Саманчынын жолу” повестиндеги “Саманчынын жолу” – космостук жана адамдык байланыш. Чыгармадагы өзгөчө терминге айланган элдик түшүнүктө асмандагы жылдыздардын жолу катары белгилүү. Бирок Айтматов аны кеңири философиялык мааниде колдонгон. Чечмелеп келсек адам менен космостун байланышы, тагдырдын жолу, түбөлүктүүлүк. Мында адамдын ички дүйнөсү менен ааламдын ортосундагы гармонияны көрсөтөт.

Ал эми «Жамийла» повестиндеги “Жамийла” – сүйүүнүн жана эркиндиктин символу. Жамийла - бүтүндөй турган турпаты менен жаңыча мазмундагы, көз караштагы жаңы доордун адамы, ал ошол мезгилдеги сыртынан караган адамга бардыгы эле табигый, нормалдуу көрүнгөн кыргыз элинин жашоо об-разына сыйбай, ички дүйнөсүнүн талаптарын канагаттан-дыра албаган башкалардан таптакыр башкача адам экен-дигин сынчы сюжеттеги окуялардын чынжырын бирден шашпай ажыратып олтуруп терең анализдейт[4.340б] “Жамийла” повестиндеги башкы каармандын аты- жөнү гана антропоним эмес, ал символдук мааниге ээ. **Маанисин чечмелей келсек** эркиндик, ички күч, чыныгы сүйүү. Жамийла – салттуу коомдун чектөөлөрүнө каршы чыккан образ. Ошондуктан бул ысым терминге айланып, эркиндиктин көркөм белгиси болуп калган. Жазуучунун аял образын түзүү менен ургаачыга берген баасы биринчи кезекте өзүнүн эркек катары тереңдигин, көсөмдүгүн, гениалдуулугун, сөөгү тазалыгын, бийиктигин далилдеп тургансыйт. Катардагы окурман катары өзүм сүйүп окуган чыгармаларын дагы бир сыйра баракта отуруп, анын өтө жек көргөн терс аял каарманы жок экендигине таң калдым. [5.80-б]

Жазуучунун чыгармаларындагы терминдери улуттук алкакта гана калбастан, дүйнөлүк адабиятта да кеңири колдонулат. Учурда “маңкурт” түшүнүгү башка тилдерге да кирип, универсалдуу терминге айланган.

Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы өзгөчө терминге айланган сөздөр – бул жөн гана көркөм каражат эмес, алар терең философиялык жана маданий мазмунду камтыган концепттер болуп саналат. Автор сөз аркылуу бүтүндөй дүйнө таанымды түзө алган.[4.20-б]

Жыйынтыктап айтканда Айтматовдун автордук терминдери – бул кыргыз адабиятынын гана эмес, дүйнөлүк маданияттын да баалуу мурасы. Алар адамдын руханий дүйнөсүн, тарыхын жана келечегин түшүнүүгө жардам берет. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы өзгөчө терминге айланган сөздөр — бул көркөм сөздүн эң жогорку деңгээлдеги үлгүсү. Алар кадимки лексикалык бирдиктерден чыгып, терең философиялык жана символикалык мааниге ээ болгон концепттерге айланган. Бул көрүнүш жазуучунун улуулугун жана тилдик чеберчилигин далилдейт.

Колдонулган адабияттар

1. А.Муратов Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романын үйрөнүүнүн айрым маселелери Фрунзе “Мектеп” 1988
2. А.Айтматовдун чыгармалары түрк адабий сынында Илимий макалалар 1-китеп Бишкек-2017

3. "Айтматов окуулары-2015” Эл арлык илимий-практикалык конференциянын материалдары (11-12-декабрь, Бишкек, Кыргызстан) “Турар” Бишкек-2015
4. Л.Үкүбаева Ч.Айтматов жана кыргыз адабияты “Турар” Бишкек-2012
5. Ү.Б.Култаева Турмуш чындыгы жана көркөм образ Бишкек-2008
6. Б.О. Кыргыз терминологиясы Фрунзе “Мектеп” 1983

УДК-821.512.122.09:177 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1%20(27).605**

Ч.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА СҮЙҮҮ АРКЫЛУУ ИНСАНДЫК КАЛЫПТАНУУ

Кыдырова Б.А
ОшМПУнун мамлекеттик тил кафедрасынын окутуучусу
burulkadyrova@gmail.com

ФОРМИРОВАНИЕ ЛИЧНОСТИ ЧЕРЕЗ ЛЮБОВЬ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ Ч. АЙТМАТОВА

Преподаватель кафедры государственного языка Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова ***Кыдырова Б. А.***

PERSONAL FORMATION THROUGH LOVE IN CH. AITMATOV'S WORKS

Lecturer at the Department of the State Language Osh State Pedagogical University named A. Myrsabekov
Kydyrova B. A..

Аннотация

Бул макалада Чыңгыз Айтматов чыгармаларындагы сүйүү темасы аркылуу инсандын руханий жана моралдык жактан калыптануу процесси талдоого алынат. Жазуучунун көркөм дүйнөсүндө сүйүү жөн гана сезим эмес, ал адамдын ички дүйнөсүн байытуучу, анын жашоого болгон көз карашын өзгөртүүчү күч катары каралат. Автор өз чыгармаларында каармандардын жан дүйнөсүн ачуу аркылуу алардын адеп-ахлактык баалуулуктарын, ички тазалыгын жана адамдык сапаттарын терең сүрөттөйт. Айрыкча, сүйүү каармандардын тагдыр чечүүчү тандоолорунда, өз алдынча чечим кабыл алуусунда маанилүү роль ойнойт. Жазуучу сүйүү аркылуу адамдын өзүн-өзү таанып билүүсүн, руханий жактан өсүүсүн жана коомдогу ордун аныктоосун чагылдырат. Ошондой эле макалада жазуучунун чыгармаларында көтөрүлгөн адамдык кадыр-барк, эркиндик, адилеттик жана бакыт үчүн күрөш маселелери да каралат.

Түйүндүү сөздөр: *сүйүү, инсандык калыптануу, руханий өнүгүү, моралдык баалуулуктар, көркөм образ, каарман психологиясы, адам тагдыры, ички дүйнө, адеп-ахлак, адамдык кадыр-барк*

Аннотация

В данной статье анализируется процесс духовно-нравственного формирования личности через тему любви в произведениях Чингиза Айтматова. В творческом мире писателя любовь – это не просто чувство, а сила, обогащающая внутренний мир человека и изменяющая его взгляд на жизнь. В своих произведениях автор глубоко описывает нравственные ценности, внутреннюю чистоту и человеческие качества персонажей, раскрывая их души. В частности, любовь играет важную роль в судьбоносных решениях